«Туулган күн»

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Азат Болотбек

Куттуктаймын сенин туулган күнүңдү

Каалап сага ааламдагы аппак тилектерди

Белек кылып кучак толо гүлумдү,

Арнайм тунук сезим жашап жүргөн жүрөктөгү

Гүлгө кошуп мөлтүр таза

Тартуулайм сага деген ак сүйүүмдү

Сүйгөн жаным сен, сүйүү багым сен аалам турсун нурга бөлөп үйүңдү

Кайрыма:

Куттутайм туулган күнүңдү

Белекке берип гүлүмдү

Кабыл ал жаным гүл менен

Арнаган аппак сүйүүмдү

Орундалып аруу тилек ойлоруң

Нур чачырап жарык болсун жүзүң аппак айдай

Эч нерседен кем эч качан болбогун

Арнайм сага аппак сүйүм жаштык кумар канбай

Сүйүү гүлүм тартуу сага ар дайым ачык болсун бак жолдоруң

Асыл жаным сен, жашыл багым сен гүл бакчамда сайрап турчу сен торгоюм